# Мүнөздөмө

2020-жылдан сентябрынан бери Ак-Тилек орто мектебинде баштапкы класстын мугалими болуп иштейт. Жаш адис болсо дагы мектептин документтерин (календардык, сабактын күнүмдүк пландарын окуучулардын өздүк делолорун, окуу журналын ж.б.) жүргүзүп, өз убагында аткарууга аракеттенет. Түзүлгөн планга ылайык иш жүргүзүп, берилген тапшырмаларды аткарат. Түшүнбөгөн суроолору болсо көп тажрыйбалуу мугалимдерден сурап, кеңеш алат. Сабактарга кирип, катышып өзүнө тажрыйба топтойт. Сын пикирди туура кабыл алат. Сабактарын көрсөтмө куралдарды колдонуп өтөт, темага байланыштуу сүрөттөрдү колдонууга аракет кылат.

Өткөн сабактарынын кемчиликтери: кээ бир окуучулар сабакка катышкан жок.

Сунуштар:
1. Окуучулардын баардыгына көңүл бурулсун.
2. Начар окуган окуучуларга деңгээлине жараша суроо берилип өтүлсүн.
3. Көрсөтмөлүү сабактар көбүрөөк өтүлсүн.

# Жаш мугалимдер жөнундө маалымат.

Сопуева Нуржамал Асановна
18.12.1988-жылы туулган. Башталгыч класстын мугалими.
2020-жылы Токмок шаарындагы ТИПК окуу жайынын  башталгыч классынын адистигин бүтүргөн.
2020-жылдын сентябрь айынан баштап
Ак-Тилек орто мектебинде мугалим болуп иштейт.

Маалымдама

2020-2021 окуу жылында Ак-Тилек орто мектебине жаш мугалим Сопуева Нуржамал келди. Кесиби боюнча баштапгыч класстын мугалими экен. Ал Токмок индустриалдык педагогикалык колледжин аяктады. Жаш мугалим кесиптик ишине киришкенде ал албетте колдоого муктаж. Ошондуктан биринчи мектепке келген күнү эле мектеп менен тааныштырдым. Андан кийин календарлык – тематикалык планын түзүп, бекттирдик. Сабактын жүгүртмөсү менен тааныштырдым. Сабакты пландаштыруу тууралуу түшүнүк бердим. Журналды толтуруу эрежеси менен тааныштырдым. Күндөлүктөргө баа коюу ыкмасын түшүндүрдүм. Жаш мугалимге өз билимин өркүндөтүү үчүн, башка мугалимдердин сабактарына катышып тур деп кенеш бердим. Сабак өтүүдө кошумча материалдарды колдонуу керектигин айттым. Ар бир сабакка көрсөтмө курал даярдоо керектигин түшүндүрдүм. Чейрек аягында чейректик бааларды коюу тууралуу, мониторинг толтуруу, окуу праграммасынын аткарышынын толтуруу жөнүндө түшүнүк бердим.

# Маалымдама

## Сопуева Нуржамал Асановнага

1-сентябрь 2020-жылдан бери Ак-Тилек орто мектебинде башталгыч классынын мугалими болуп иштейт . Жаш адис болсо дагы мектеп документтерин ( календардык сабактын күнүмдүк , тарбиялык пландарды , окуучулардын өздүк иштерин окуу журналын ж.б ) жүргүзүп өз убагында аткарат . Түзүлгөн планга ылайык иш жүргүзүп , берилген тапшырманы убагында аткарууга далалаттанат . Түшүнбөгөн көйгөйлүү суроолору болсо келип тажрыйбалуу мугалимдерден сурап кеңеш алат . Сабактарына катышып өзүнө тажрыйба топтойт . Сын пикирди туура кабыл алат . Сабактарын көрсөтмө куралдарды колдонуп өтөт , темага байланыштуу сүрөттөр , таркатмалар менен.

Сабактын жетишкен жактары : Сабакты көрсөтмөлүү дидактикалык материалдар , темага байланыштуу сүрөттөр , буклеттерди колдонуп, жеткиликтүү кенен түшүнүк берет.

Сабактын кемчиликтери : Кээ бир окуучулар сабакка көп катышкан жок , анткени жакшы окуган окуучулар мүмкүнчүлүк берген жок.

Сунуштар : 1. Окуучулардын бардыгына тең көңүл бурулсун.

2 .Начар окуган окуучуларга деңгээлине жараша суроо берип каралсын

3 .Көрсөтмөлүү сабактар көбүрөөк өтүлсүн.